


# 3-ТЕМА. КР «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА ТААСИР ЭТҮҮ ЧӨЙРӨСҮ

## 1-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулук түшүнүгү жана түрлөрү

# Үй-бүлөлүк зомбулуктун өзгөчөлүктөрү

**Үй-бүлөлүк зомбулук үй-бүлөнүн ар башка мүчөлөрүнүн ортосунда, ар түрдүү формада орун алуусу, циклдүүлүккө (кайталануучулук) ээ болуусу мүмкүн.**

**I .Чыңалуунун өсүүсү**
Биринчи стадия үй-бүлөлүк мамилелердеги чыңалуунун өсүүсү менен мүнөздөлөт. Зомбулук жасаган адам анча маанилүү эмес себептерге же себепсиз эле жинденип баштайт, тез-тезден кыжырданып жана өзүндөгү агрессияны чыгаруу үчүн себеп издеп баштайт.




**II. Зомбулук актысы**
Экинчи стадиясында чогулган чыңалуу кайсы гана формадагы болбосун зомбулук актысына өсүп жетилет. Ал бир нече мүнөттөн бир нече саатка чейин созулушу мүмкүн. Зомбулуктун дене бойлук, психологиялык, экономикалык түрлөрү орун алышы мүмкүн, куугунтуктоо же этибарсыз мамиле кылуу формасында болушу мүмкүн, бирок ал көпчүлүк учурда ар түрдүү аралаш формаларда жасалат.

**III. Бал айы**
Зомбулук актысынан кийин, өзгөчө эгерде жабыр тарткан адам дене бойлук жаракаттарды алган болсо, агрессор кайсы бир учурга чейин өзүнүн жүрүм-турумун түшүнөт, ал тургай жабыр тарткан адамды аяйт, андан кечирим сурайт, белектерди берет, мындан ары зомбулук жасабайм деп, же ак көңүл жана көңүл бурганды билген адам болом деп сөз берет.

# Үй-бүлөлүк зомбулуктун өзгөчөлүгү

**Жабыр тарткан адамдын жана агрессордун ортосундагы өзгөчө мамилелер:**

- Үй-бүлөлүк зомбулук үй-бүлөнүн бардык мүчөсүнө карата, мейли ал чоң адам болсун же кичинекей бала, улгайган адам же майыптыгы бар адам болсун жасалышы мүмкүн
- Тууганчылык байланыштардын өзгөчө мүнөзү болгон окуя жөнүндө арызданууну жана сырттан жардам алууга кайрылууну татаалдаштырат.

**Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө тийгизген таасири:**

- Ал тургай жабыр тартуучу – бир адам болсо деле үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү психологиялык жаракат алышат.
- Зомбулукка күбө болбогон, бирок окуядан кийин ал жөнүндө билген адамдар дагы жабыркашат.

# Үй-бүлөлүк зомбулуктун мыйзамдуу аныктамасы жана анын түрлөрү Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында бекитилген

**үй-бүлөлүк зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, куугунтуктоосу, ошондой эле этибарсыз мамилеси.

# Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктун кийинки формаларын аныктайт:

1. дене бойлук зомбулук;
2. психологиялык зомбулук;
3. экономикалык зомбулук;
4. куугунтуктоо;
5. этибарсыз мамиле.

# Дене бойлук зомбулук

Үй-бүлөдөгү **дене бойлук зомбулук** деп үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап дене бой аркылуу таасир этүүсүн, жашоо үчүн маанилүү функцияларды аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн, тамак-аштан, турак жайдан, кийимден ажыратуу же чектөө, ары-бери жүрүү эркиндигинен ажыратуусун же чектөөсүн, оор кара жумушка мажбурлоону түшүнөбүз.

10-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл.№ 63

# Дене бойлук зомбулук

**Дене бойлук зомбулукка кирет:**

- түртүү,
- мыкчуу,
- кармап алуу,
- муунтуу,
- жаакка чабуу,
- секирүү,  кол менен уруу жана/ же муштуму менен уруу жана/
- же башка предметтер менен чабуу,
- бут менен тебүү,
- оор предметтерди колдонуу, күйгүзүү ,
- башка оорутуу сезимдерине жана жаракаттарга алып келген сырткы таасирлерди келтирүү.

Мындай жосундар кесепеттеринин оордугуна жараша кылмыш же укук бузуу катары квалификацияланат.

# Психологиялык зомбулук

**Үй-бүлөдөгү психологиялык зомбулук:**

- кемсинтүү,
- жүрөк заада кылуу,
- шылдыңдоо,
- чочутуу,
- үй-бүлөлүк зомбулуктун кайсы гана болбосун түрү менен коркутуу, коркутуу аркылуу адамды анын укугуна кирген кандайдыр бир аракеттерди жасоого же жасабоого мажбурлоо,
- өмүргө коркунуч туудурган же психикалык, дене бой саламаттыгынын бузулушуна алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо,
- жашы жеткен адамдардын пикир алышуу, анын ичинде балдар менен пикирлешүү укугун чектөө,
- адамдын өзүнө таандык документтерди пайдалануу укугун чектөө, анын ичинде документтерди жок кылуу, бузуу же жашыруу жолу менен чектөө.

9-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл.№ 63

# Экономикалык зомбулук

**Үй-бүлөдөгү экономикалык зомбулук** – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүн/ага теңештирилген адамды багуу боюнча милдеттерин атайылап аткарбоосу, ошондой эле адамды ага мыйзам боюнча таандык болгон мүлктү же кирешелерди алуу же тескөө укугунан атайылап ажыратуу же чектөө жана/же ишенимдүү адамдын мүлктү же кирешелерди ишеним көрсөтүүчүгө зыян келтирүү менен пайдалануусу анын эмгекке болгон укугуна, кесипти жана иштин түрүн тандоо эркиндигине тыюу салуу же чектөө.

15-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл. № 63.

# Экономикалык зомбулук

**Экономикалык зомбулукка** кийинки актылар кирет:

- баланы багуудан баш тартуу;
- кирешелерин жашыруу;
- үй-бүлөнүн акчасын коротуу;
- каржы чечимдеринин чоң бөлүгүн өз алдынча кабыл алуу – бул, мисалы, тамак-аш азык-түлүктөрдү сатып алууда балдардын же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн муктаждыктарынын эске алынбай калышы;
- аялын сатып алууларды жасаганда чектерди көрсөтүп отчет берүүгө милдеттендирген учурлар ж.б.

# Куугунтуктоо

**Куугунтуктоо** - адамдын эркине каршы ага багытталган, анда өз коопсуздугу үчүн коркунучту туудурган, куугунтук жасаган адам менен бөлөк жашаган учурда түз же кыйыр байланышууларды, иштеген, окуган, турган, жашаган жерлерине барып турууну демилгелөө аркылуу билдирилүүчү атайылап жасалган жүрүм-турум.

6-1-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл. № 63.

**Түз жана кыйыр байланышуулар** - үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын өзү сыяктуу эле, анын өтүнүчү боюнча же анын макулдугу менен башка адамдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу телефон (чалуулар, билдирүүлөр) жана/же электрондук байланыш (мессенджерлер, электрондук почта, социалдык тармактар) аркылуу дене бойго жакындоо, байланышуу же байланышуу аракеттери.

8-1-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл. № 63.

# Куугунтуктоонун формалары

**Куугунтуктоочу өзү же анын сураныч же анын макулдугу боюнча башкалар кийинкилерди жасашы мүмкүн:**

- жабыр тарткан адамдын артынан аңдышы,
- аны үйүнүн же жумушунун жанынан аңдып күтүшү,
- суралбаган белектерди жөнөтүшү,
- телефондон билдирүүлөр менен чабуул коюусу,
- коркутуусу,
- башкалардын алдында ачык чыр-чатактарды салышы ж.б. мүмкүн.

Адатта  реалдуулукта куугунтуктоонун бир эмес, бир нече формалары орун алышы мүмкүн.

Көп учурда куугунтуктоочулар күйөөлөрү, мурунку күйөөлөрү же өнөктөштөрү болушат.

# Этибарсыз мамиле

**Этибарсыз мамиле** - үй-бүлө мүчөлөрүнө же үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга камкордук көрүү боюнча милдеттерин атайылап аткарбоо, ченемдүү жашоо жана өнүгүү үчүн зарыл болгон тамак-аш, турак жай жана башка шарттар менен камсыз кылуу укуктарын чектөө, медициналык жардам алууга тоскоолдук кылуу, балдардын дене бой, психологиялык, экономикалык муктаждыктарын ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) канааттандырбоосу, аларды коркунучтан коргобоо, балдардын негизги жалпы билим алууга болгон укуктарын чектөө, эгерде ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) мүмкүнчүлүгү жана аны алууга жеткиликтүүлүгү болуп туруп, балдардын медициналык жардам алуусу үчүн зарыл болгон иш-аракеттерди көрбөөсү.

5-пункт, 1-берене. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы. 27-апрель, 2017-жыл. № 63.

# Этибарсыз мамиле

**Этибарсыз мамилелердин белгилери кийинкилер болушу мүмкүн:**

- начар же жыл мезгилине ылайыктуу эмес кийинген бала/улгайган адам/майыптыгы бар адам;
- ачка же начар тамактанган бала/улгайган адам/майыптыгы бар адам;
- кирдеген, каралбаган бала/улгайган адам/майыптыгы бар адам, тырмактары алынбаган, кирдеген дененин, заараынын ж.б. жыты туруктуу түрдө жыттанып турган абалда болуусу;
- чоң адамдардын коштоосуз жана түн жарымга чейин жалгыз сейилдеп жүргөн бала;
- балага/улгайган адамга/майыптыгы бар адамга көчөгө чыгууга тыюу салуу, баш тартуу;
- ата-энелердин/камкорчулардын балага/улгайган адамга/майыптыгы бар адамга анын медициналык жардам алууга карата өтүнүчүнө баш тартуусу (мисалы, баланы эмдөөдөн, дарыгердин кароосунан өткөрүүдөн баш тартуу);
- аңгемелешүү, сүйлөшүүдөн, мээрим төгүүдөн, кам көрүүдөн, көңүл буруудан, сүйүү берүүдөн баш тартуу;
- баланы өнүктүрүүдөн, балдардын мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү мекемелерге баруусунан баш тартуу;
- социалдык жактан четтетүү (досторунун, уюшулган эс алуунун, үйдөн чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу);
- баланын жаш курагына шайкеш келген сүйлөшүүнүн же баарлашуунун жоктугу;
- педикулез болуу, котур болуу;
- чарчаган уйкусу канбаган сырткы келбет;
- күтүүсүз окуялардын кайталануусу – кулап калуу, ууланууу, күйүп калуу ж.б.